**У. Мурзакматов атындагы Шапак орто мектебинин №1 Гуманитардык илимдер усулдук бирикмесинин 2021-2022 –окуу жылына карата анализи.**

2021-2022-окуу жылында гуманитардык бирикмесинин жетекчиси болуп Абдылдаева Үпөл дайындалды. Жалпы бирикмеде алты мугалим эмгектенет: кыргыз тили жана адабият мугалимдери Карымшакова Салтанат, Медатбекова Айзада, орус тили жана орус адабият мугалимдери Мурзакматова Назира, Абдылдаева Үпөл, англис тили мугалими Дуйсеналы к Касиет, тарых мугалими Сыргаков Кыялбек. Жаңы окуу жылынын башында талапка ылайык план жана милдеттенме бекитилип, ошонун негизинде иш жүргүзүлдү. Окуу жылындагы бирикменин аткарган иш чаралары жакшы деп бааланды. Ар бир бирикме мүчөсү өз ишине так жана жоопкерчиликтүү.

Мектеп ичинде алгач окуу жылынын башында мамлекеттик тил күнүн белгилөө иш чарасын кыргыз тил мугалимдери уюштурушту. Иш чарада кыргыз тилин даназалоо эне тилди урматтоого чакырык ташталды. Райондук деңгээлде «Манас таануу» мелдешине да активдүү катышып 4-орунга ээ болдук.

№1 усулдук бирикмесинин 29-ноябрдан 10-декабрга чейин декадасы болуп өттү. Бул жумалыктын максаты: МБнин педагогдорунун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу.

Усулдук бирикмеде атайын түзүлгөн иш пландын негизинде иш алып барылды. Ар бир предметке тиешелүү ачык сабактар өтүлдү. Жумалыктын алгачкы күнү иш-планы түзүлүп, бекитилди. Жалпы мектептик линейкада ачылышы жарыяланып, иш планы максаты жана милдеттери менен тааныштырылды. 30-ноябрда орус тил мугалими Мурзакматова Назира 7-класска «Царевна лягушка» деген темада ачык сабак өттү. Сабак көргөзмөлүү болуп жакшы деп бааланды. Бул сабакта мугалим өзүнүн болгон аракетин жумшап окуучуларга кызыктуу сабак өттү. 1-декабрда кыргыз тил мугалими Медатбекова Айзада пландын негизинде 8-класска «Мен өз укугумду билем жана сактай алам» деген темада тарбиялык саат өттү. Ал сабакта интерактивдүү ыкмалар колдонулду сабактын аягында мугалим кайтарым байланыш кылып тест алды. Окуучулар активдүү катышышып өз милдеттерин жана укутарын билип алышты. 2-декабрда кыргыз тил мугалими Карымшакова Салтанат «Касым Тыныстановдун 120-жылдыгына» карата 9-класска ачык сабак өттү. Окуучулар К.Тыныстановдун ырларын көркөм окушуп активдүү катышышты. 3-декабрда англис тил мугалими Дуйсеналы к Касиет 5-класска «Can, can, not» деген темада ачык көргөзмөлүү сабак өттү. Сабак абдан кызыктуу болуп жакшы деп бааланды. 6-декабрда тарых мугалими Сыргаков Кыялбек 10-класска «Осмон империясы» деген темада ачык сабак өтүлдү.7-декабрда «Көркөм окуу», «Эң мыкты жат жазуу», «Мыкты дептер», «Дубал газеталар» «Мыкты конспект»деген сынактар өткөрүлүп анда окуучулар тандалды. 8-декабрда орус тил мугалими Абдылдаева Үпөл 4-класска «Всёзнайка» деген темада викторина өтүлдү. Окуучулар кызыгуу менен жакшы түшүнүп алышты. Сабактын аягында жеңичүү командага грамота берилди. 9-декабрда баардык сабактар биригип «Акыл ордо» интелектуалдык таймаш болду. Ага 7-8-9-10-11-класстардын окуучулары катышып , жеңичүүсү Абышева Адеми грамотага ээ болду. 10-декабрда декаданын жыйынтыктап аягында жалпы мектептик линейка болуп, окуучуларга грамоталар жана белектер тапшырылды.

Ар бир чейрек ичинде ачык сааттар, бирикменин усулдук чогулуштары болду. Жыйынтыктап айтканда 2021-2022-окуу жылында бирикменин алып барган иштери жакшы. Мугалимдер ар бир сабакта интерактивдүү ыкмаларды пайдаланып, салттык эмес сабактарды өтүп келишет. Өз иштерине кызыгуу жана жоопкерчиликтүү карашат.